## ФИЛОСОФИЯ

УДК 165.749(575.2)(043.3)

# ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫНДА СЫПАТТАМА ПРОБЛЕМАСЫНЫН КОЮЛУШУ

**Доюран М.Т.**
улук илимий кызматкер
Тарых бөлүмүнүн улуттук жана чет элдик философия

# ПОСТАНОВКА ПРОБЛЕМЫ ОПИСАНИЯ В ИСТОРИИ ФИЛОСОФИИ

**Доюран М.Т.**
старший научный сотрудник
Отдела истории национальной и зарубежной философии

# FORMULATION OF THE PROBLEM OF DESCRIPTION IN THE HISTORY OF PHILOSOPHY

**Doiuran M.T.**
senior Researcher
Department of the History of National and Foreign Philosophy

*КР УИАнын философия институту*
*Институт философии НАН КР*
*Institute of Philosophy of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

***Аннотация.*** Бул изилдөөнүн максаты – сыпаттама түшүнүгүн изилдөөнүн башка баскычтарынан ажыратып, жалгыз тургандагы маани-мазмунун аныктоо; сыпаттама түшүнүгүнө философиялык анализ жүргүзүү жана сыпаттама түшүнүгүнүн философиянын тарыхында кандай жолду басып өткөндүгүн бөлүктөргө бөлүү менен чагылдыруу. Мындан тышкары, сыпатттаманын гносеологиялык, онтологиялык, методологиялык ар кырдуулугун сыпаттап аныктама берүү бул иштин жаңылыгы.
***Негизги сөздөр:*** *сыпаттама, дүйнө, сыпаттаманын түрлөрү.*

***Аннотация.*** Цель данного исследования состоит в том, чтобы отделить понятие описания от других видов исследования и определить смысловое содержание, когда оно стоит отдельно; провести философский анализ понятия описания и отразить путь понятия описания в истории философии, разделив его на части. Кроме того, новизной данной работы является дескриптивное определение гносеологического, онтологического и методологического многообразия описания.
***Ключевые слова:*** *описание, мир, виды описания.*

***Abstract.*** The purpose of this study is to separate the concept of description from other types of research and to determine the semantic content when it stands alone; conduct a philosophical analysis of the concept of description and reflect the path of the concept of description in the history of philosophy, dividing it into parts. In addition, the novelty of this work is the descriptive definition of the epistemological, ontological and methodological diversity of description.
***Key words:*** *description, world, types of description.*

Философиянын тарыхында “сыпаттама” түшүнүгүн кароодон мурун, бул түшүнүк кандай формада иликтенгендигин тактап алуу зарыл. “Сыпаттама” философиянын тармактарынан онтология, гносеология менен тыгыз карым-катнашта. Философиянын тарыхына көз чаптырсак, окумуштуулар “сыпаттама” түшүнүгүн эки түрдө изилдегени даана байкалат. Ошондуктан, каралып жаткан түшүнүктү эки жаатта изилдөөнү туура деп чечтик:

1. Сыпаттаманы таанып билүү процессинен ажыратып, жалгыз турган түшүнүк катары иликтебей, аны таанып билүү процесси катары изилдеген философтордун группасы; бул философтор ““сыпаттама” түшүнүгү деген эмне?” деп түздөн-түз суроо коюшкан эмес. Ал байкоо актынан ажырабай каралган. “Сыпаттама” түшүнүгү гносеология менен тыгыз байланышта өкүм сүргөн доор.

2. Бул группадагы философтор, айрыкча, XIX-XX кылымдын илимий логикалык изилдөөлөрүнө таандык. Ушул доордон тартып “сыпаттма” изилдөөнүн башка актыларынан бир аз болсо да ажыратылып, жалгыз тургандагы маанимаңызы илимий деңгээлде даана, так изилденет.

Табигый так илимдердин, анын ичинде математика, физика илимдеринин этап боюнча өнүгүшү объектти сыпаттоо процессине чоң таасир тийгизди. Математика илими биздин кылымдын алгачкы этаптарында жупуну формада болгон. Пифагордун (б.з.ч.580-500-жж.) сандар тууралуу элементардык математикасы объектти сан катары таанып-билүүгө жол ачкан. Андан кийинки доордогу туруктуу чоңдуктардын математикасы объектти, көрүнүштү тынч, туруктуу, стабилдүү, өнүгүүсүз абалда сыпаттайт. Декарттын илимий изилдөөсү гана математикага өзгөргөн чоңдуктар түшүнүгүн киргизип, объект процесстеги, кыймылдагы, өнүгүүдөгү көрүнүш катары сыпатталат.

Физика илиминдеги төңкөрүштөр: дүйнөнүн механикалык, электромагниттик, кванттык сыпатталышына жол ачкан. Дүйнөнүн бул сыпатталышы же картинасы тарыхта этап түрүндө өнүккөн.

Эми “сыпаттама” түшүнүгүнүн тарыхын иретке келтирип карасак. Байыркы грек философу Аристотелдин “Аналитика” аттуу эмгегиндеги сыпаттамага байланыштуу ой-пикирилерине көз чаптырсак. Аристотелдин айтымында, изделген нерсенин түрү билимдин түрүнө барабар, б.а., предмет тууралуу пикир айтуудан мурун субъект ошол предмет тууралуу кандайдыр бир эмпирикалык же абстрактуу түшүнүккө ээ болуш керек.

Изделген, же изилденген нерсенин төрт түрү бар: “эмне” (hoti), “эмнеге” (dioti), “бар бы”(ei esti), “деген эмне”(ti estin) [1, 315-б]. «Ушул төрт түр суроо-изилдөөнүн негизи» деп белгилейт Аристотель. Бул эмне? Эмнеге андай? Кудай барбы? Бар болсо, кудай деген эмне?

Нерсе жөнүндө белгилүү түшүнүк пайда болгон соң, анын болумунун себебин сурайбыз. Же бир нерсенин болуму тууралуу сурамжылайбыз. Эгер кандайдыр бир нерсенин болуму бар деп божомолдосок, анда анын касиеттерин сыпаттап беришибиз керек. «Адам үчүн кандайдыр бир предмет тууралуу “...деген эмне?”, “эмнени түшүндүрөт?”, же “эмнени элестетип турат?” деген суроолор эң эле орчундуу ролду ойнойт» дейт Аристотель. Анын бул айтылган ой-пикирлери биз иликтеп жаткан “сыпаттама” менен түздөн-түз байланышы бар.

Сыпаттама менен аныктама бири-бирине жакын түшүнүктөр. Аристотель аныктама менен далилдөөнүн ортосундагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды белгилейт.

Далилденген нерсеге аныктама берип кереги жок. Далилденген нерсенин баарына аныктама берилбейт. Аныктама

далилдин башталышы. Аныктама нерсенин маңызы менен катышта. Ал эми далил нерсенин маңызын алдынала айтат. Демек, аныктамасы болгон бардык нерселер далилге, далили болгон бардык нерселердин аныктамага муктажы жок. Бир нерсе бир эле учурда далилге да, аныктамага да ээ болушу мүмкүн эмес [1, 318-319-бб].

Демек, аныктама менен далилдөө бири-бири менен куюлушпайт, экөө эки башка нукта. Буларды белгилегенибиздин себеби, аныктама менен сыпаттама бири-бирине жакын түшүнүктөр. Нерсеге аныктама берүү үчүн сыпаттама сөзсүз болушу шарт.

**Кайра жаралуу доорундагы философия.** Орто кылымдын догмалык принциптерине каршы пикирде. Ошого жараша дүйнөнүн сыпаттамасы да эмпирикалык нукта өнүккөн.

Италиялык сүрөтчү, инженер, философ Леонардо да Винчи (1452-1519): "Тажрыйбанын тышында пайда болгон илим түркөй, ал илимде жаңылыштыктар көп. Беш туюп-билүүнүн бирин колдонбогон илим жаңылыш илим".

"Тажрыйба эч качан жаңылышпайт. Силердин ой-толгооңор жаңылышат. Анткени силердин ой-жүгүртүүңөр тажрыйбадан ашыкча нерсе талап кылат". "Эч бир илим математкиканын далили болбой чындык болбойт" [2, 86-б].

Леонардо да Винчи дүйнөнү таанып билүү үчүн көрүү, угуу сыяктуу сезимдик органдарга гана ишенүү мүмкүн. Ал механика математика илимдеринин бейиши деп белгилеп, дүйнөнүн механикалык картинасын сунуштаган [2, 87].

" Көздөн башка кайсы эл, кайсы журт, кайсы тил сенин чыныгы иш-аракетиңди сыпаттап бере алат? Көз адамдын терезеси, ал аркылуу жолуңду көрөсүң, дүйнөнүн кооздугунан ырахат аласың" [2, 88-б].

Леонардо сүрөтчү гана эмес, ал – искусствонун теоретиги. Ал дүйнөнүн көркөмүн категориялар, түшүнүктөр менен эмес, көз менен түшүнүп сыпаттайт. Леонардонун дүйнөсү категориялар менен эмес көркөм образдар менен сыпаттайт. Дүйнөдө кандай гана кооздук болбосун сүрөтчү аны образдап, сүрөттөп берген. Ал дүйнөнүн эстетикалык сыпаттамасын сунуштайт.

Ошол эле доорго таандык астроном Николай Коперник (1473-1543) дүйнөнүн башка моделин таап чыгат. Ал Жер планетасын мындай сыпаттайт: «Жер Эмпедокл менен Анаксимен айткандай жалпак эмес, Левкипп айткандай тимпан формасында эмес, Гераклит айткандай чөйчөк сымал эмес, Демокриттики сымал ийилген эмес, Анаксимандр айткандай цилиндр эмес, Ксенофан айткандай Жер төмөн жагынан чексиз негизге таянып турбайт, бирок ал философтор айткандай тоголок формада" [2, 121-б].

"Дүйнө сфера сымал, ченелбейт жана чексиз. Сфера сымал кыймылсыз жылдыздар тынч абалда. Ал эми ааламдагы башка телолор айлана түрүндөгү кыймылга ээ. Жер да айлана түрүндө кыймылдайт жана биз ушул фундаментке таянып жылдыздар тууралуу илимди түзгүбүз келет" [7, 118-б].

Коперникти айтып жатканыбыздын себеби, ал дүйнөнүн жаңы механизмин сунуштайт. Дүйнөнүн теологиялык геоцентристтик картинасын туура эмес деп, физикалык дүйнөнү илим кайра баштан сыпатталышы зарыл деп билдирет. Жер өзүнүн орбитасында гана эмес Күндүн айланасында да тегеренет деген теорияны сунуштаган. Дүйнөнүн гелиоцентристтик картинасын илим чөйрөсүнө киргизген.

Коперник ар кандай объектти сыпаттоонун методун айтпаса да, дүйнөнүн жаңы сүрөттөлүшүн, картинасын берет. Ал эми ааламдагы элементти түбөлүктүү деген; төрт элемент туруктуу эмес, алар бузулат, кайра жаралат деген; ал эми ааламдагы, башка планетадагы элементтер туруктуу, бузулбайт деген орто кылымдын тоелогиялык картинасын Копер-

ник дүйнөнүн кыймылсыз картинасын жоюп, Жер жана планеталар кыймылдуу деген теорияны сунуштап, дүйнөнүн илимий картинасын түзөт. Бул илимдеги фундаменталдуу революция. Мурунку философияда аалам башка бирөө тарабынан кыймылга келет деген теория кулап, дүйнөнүн философиялык картинасына нерсенин өзүндөгү кыймыл деген түшүнүк кирет.

Ренессанс доорунун дагы бир ойчулу Джордано Бруно (1548-1600) субъекттин кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн дейбизби, айтор, деги эле сыпаттамага байланышкан пикири "Образды түзүү тууралуу" деген трактатында мындай берилет:

"Адамдын аң-сезими "жандуу күзгү", ал табияттык нерселер менен каситтүү (Кудайга таандык) нерселердин көлөкөсүн чагылдырат" [2, 290-б].

Брунонун гносеологиясында ар кандай билим сезүүдөн башталат. Сезимдик образ болбой, таанып-билүү болбойт. Аң-сезим "күзгүнүн сыртына чыгып кетпөөсү керек", биздин аң-сезим формасыз, образсыз болушу мүмкүн эмес деген ал. Брунонун бул концепциясы сыпаттамага келип такалган жокбу? Албетте, сыпаттама менен түздөн-түз байланышта. Дүйнөнү ал образ жана форма түрүндө сыпаттаган. Сезимдер аны аң-сезимде чагылдырат, аң-сезим реалдуулуктун күзгүсү деген ойдо.

Брунонун диалогдорунда аалам, дүйнө чексиз сыпатталат. Сезимдик кабыл алуу дүйнөнү таануунун алгачкы этаптарында чоң роль ойнойт дейт окумуштуу. Сезимден кийин элестетүү, рационалдуу ойлонуу, интеллектуалдык ойлонуу пайда болот. "Ratio", "intellectus" түшүнүктөрү ааламдын чексиздигин аңдайт.

Ушул эле доорго таандык Т.Мор (1478-1535), Томаззо Кампанелла (1568-1639) ысымында утописттик жазуучуларды билебиз. Т.Мор "Утопиясында": «Аралда элүү төрт шаар бар, баары тең кенен, аябагандай кооз: тили, салт-санаасы, курумдары, мыйзамдары бирдей. Буудайды нан үчүн гана өндүрүшөт, алмуруттан жана жүзүмдөн жасалган шарап ичишет. Алар бир күндү жыйырма төрт саатка бөлүшөт. Мунун ичине түн да кирет жана иштөө максатында алты гана саатты бөлүп коюшкан" [12, 58-74-бб].

Томас Мор фантастика жанрындагы жазуучу. "Утопия" аттуу чакан эмгегинде жазуучу кадимки адабий тил аркылуу Жер шарынынын эч бир булуң-бурчунда табылбаган коомдук түзүлүштү сыпаттап, окурманга сунууда. Фантастика да сыпаттаманын бир формасы. Бул жерде салыштыруу акты бар. Реалдуу дүйнө менен кыял дүйнөсүнүн бири-бири менен карым-катнашы жана алардын айырмачылыктары. Кыял дүйнөсүн сыпаттоо, сүрөттөө аркылуу чындыкты чануу даана байкалат. Томас Мор коомдук түзүлүштү сыпаттап турганын белгилейт: "Мен силерге колумдан келишинче ушундай коомдук түзүлүштү сыпаттап бергенге аракет кылдым. Мындай коом коомдордун ичинен эң эле мыктысы, ал гана коом деген атка ылайык" [12, 126-б].

Жогоруда аты аталган Томаззо Кампанелла дүйнөнүн жаңы картинасын түзүү маселесинде китеп бетине түшүрүлгөн билимден баш тартууну сунуштайт. Анын себеби, таанып-билүүчү жаратылышты китептен эмес, түздөн-түз сезүүсү шарт.

"Жаратылышты иликтегендин ордуна, философтордун айткан кептерин изилдеп, атүгүл, түздөн-түз алардын оозунан чыккан кепти эмес башка бирөө тарабынан жасалган чечмеленишин изилдеп-иликтөөнүн ордуна Булардан бирөө дагы байкоо жүргүзүү максатында талаага, тоого, деңизге барганын көргөн эмесмин; алар мындай нерсени жадагалса үйүндө да аткарышпайт, анын ордуна Аристотелдин китеби менен күнү-түнү дебей эрмектенишет" [7, 307-б].

Сыпаттама менен Кампанелла айткан пикирдин байланышы бар. Кампанелла түздөн-түз байкоо жүргүзүү актын сунуштап жатат. Бул жерде окумуштуу

бирөө аркылуу түзүлгөн сыпаттама менен тикеме-тике түзүлгөн сыпаттаманын натыйжалары теңдеш эместигин баса белгилейт. Дүйнөнүн тексттеги сыпатталышы менен таанып билүүчү субъекттин дүйнөнү реалдуу, арачылыксыз сыпаттоосу арасында кандай айырмачылыктар бар? Кампанелла айткан пикир мына ушундай философиялык проблемаларга келип такалат.

Дүйнөнүн картинасын түзүү иш-аракетинде Кампанелла Коперник менен Галилейдин моделин канааттандырарлык деп эсептебейт. Кампанелла дүйнөнүн математикалык, логикалык картинасынын ордуна дүйнөнүн сапаттык картинасын сунуштаган. Дүйнөнүн картинасы жеке предметтердин чогулушунун натыйжасы деп, математика илими да жеке предметке көз каранды дейт окумуштуу. Таанып билүүчү дүйнөнү кандай сыпаттайт? Кампанелланын пикиринде: субъект алгач сезимдер менен туюп билет; экинчи стадия аң-сезиминде кандайдыр бир деңгээлде түшүнүктөр пайда боло баштайт; үчүнчү стадияда дүйнөдөгү нерселер бир иретке келип, аң-сезим универсалийлер менен ойлонууга толук жөндөмдүү болот [7, 318-б].

Жогоруда айтылган ойдун биз карап жаткан "сыпаттама" түшүнүгү менен кандай байланышы бар деген суроо туулушу мүмкүн. Албетте, түздөн-түз байланышы бар: жогоруда белгиленген пикир дүйнөнүн элементардык образы аң-сезимде кандайча сыпатталат деген маселеге жооп.

Ренессанс доорунун дагы бир эң көрүнүктүү окумуштуусу, дүйнөнүн механикалык-математикалык картинасын берген астроном жана механик Галилео Галилей илимий чөйрөнүн жалпы теоретикасына, методологиясына эбегейсиз салым кошкон. Ал өзүнөн мурунку таанып билүү методдорунан канааттанган эмес жана эксперименталдык-математикалык методго өтүүгө үлгүргөн.

Галилейдин айтуусу боюнча, дүйнөгө математикалык мыйзамдар менен сыпаттама берүү үчүн сапаттык ыкмадан алысташыбыз керек. Галилейт мындай дейт: "Материяны же субстанцияны элестетип жатып, мен ал чексиз же бир формага ээ, ал башка телолорго караганда чоңураак же кичирээк, ал тигил же бул абалда, тигил же бул убакыттын ичинде, кыймылдуу же кыймылсыз деп элестетем... эч бир элестетүүнүн күчү мени нерсенин бул шарттары менен касиеттеринен алыстата албайт. Бирок, ал материя ак же кара, ачуу же таттуу, үн чыгарат же чыгарбайт, жагымдуу же жагымсыз жытка ээ ж.б.у.с. элестетүүлөр менин акылыма сыйбайт. Бул касиеттер анчалык деле маанилүү эмес" [7, 353-б].

Галилейден мурунку философтор объектке сенсуалисттик характерде сыпаттама беришкен. Галилей нерсенин физикалык сыпаттамасынан алыстап, объектти математикалык, мейкиндик ченеминде сыпаттоо гана туура натыйжаларга алып келет деп ишенет.

"...Эгер биз кулагыбызды, тилибизди, мурунубузду жокко чыгарсак, анда фигуралар, сандар, кыймылдар калар эле. Эч кандай жыт, даам, үн болбойт эле; алар тирүү жан болбосо, курулай гана аттар" [7, 353-б].

Галилей дүйнөнү сапат түшүнүгүнөн арылтып, аны эксперименталдык-математикалык сүрөттөлүшүн туура деп көрөт. Окумуштуу дүйнөгө таандык ар кандай сапаттар өзгөрөрүн белгилеп, сапат өзгөрбөйт деп жоромолдогон философтордун пикирине таң каларын айтат. Окумуштуу дүйнөдө кыймыл, өзгөрүү болбосо, ал эч нерсеге жараксыз болуп калат беле деген ойдо. Ушул негизде Галилей механиканын закондорун ачат.

Галилей ушул жерде дүйнөнү сапаттык сыпаттама менен матемаликалык сыпаттаманы бири-биринен ажыратканы байкалып турат. Дүйнө сапат түшүнүгү жок фигура, кыймыл, өлчөм, убакыт, мейкиндиктен түзүлгөн. Белгиүү бир да-

ражада дүйнө абстракциялашкансыйт.

Ренессанс доорундагы философтор дүйнөнү бир тараптуу изилдеген эмес. Бир философ үчүн пейзаж, дүйнөнүн ажайып кооздугу боек менен кагазга түшүрүлүп сыпаттоо маанилүү болсо, башка бир философ үчүн анын илимий картинасы мааниге ээ болгон, а дагы бир философ үчүн дүйнөнүн түзүлүшүн алмаштырып, реалдуу мамлекет түзүлүшүнө жат, утопиялык дүйнөнү сүрөттөп берүү маңыздуу болгон. Бул көрүнүштү дүйнөнү ар кандай кырдан карап сыпаттоо деп атасак жаңылышпайбыз.

Ар түрдүү түс колдонуп, дүйнөнүн позитивдүү гана эмес, негативдүү тараптарын кагаз бетине түшүргөн, көрүү туюмун эң эле негизги деп атаган, объектти эстетикалык табитте сыпаттаган окумуштуу – бул Леонардо да Винчи. Ал чыгармаларында математикалык эсептөөлөрдү колдонгон, б.а. болумду так жана даана берүүгө умтулган. Бул – сыпаттаманын эң негизги тартиби.

Ренессан – дүйнөнүн картинасынын фундаменталдуу өзгөрүү доору, иерархия түшүнүгүнүн жабыркоосу, белгилүү даражада илимий-методологиялык картинанын түзүлүү мезгили. Христианчылыктын чектүү дүйнө концепциясы ренессанс доорунан тартып түп-тамыры менен кулаган. Ааламдагы материя түбөлүк жана түбөлүктүү эмес деп бөлүнүп жүргөн болсо, Коперниктен тартып ааламдагы бардык материялар теңдеш каралган. Аалам чексиз деген концепция дүйнөнүн орто кылымдагы картинасын жоготууларга учураткан. Натыйжада чексиз дүйнө концепциялары пайда болот. А чын эле, адам жашоосун эле алсак, нечендеген дүйнөлөр бар. Анын баарын санап чыгууга убакытыбыз да тар, алыбыз да жетпейт.

Ренессанс мезгилинин "сыпаттама" түшүнүгүнө кылган мамилесине токтолсок, эч бир философ так "сыпаттама – бул..." деген маселе койгон эместей. Сыпаттама иш-аракети гносеологиялык маселелер менен жуурулушуп, куюлушуп калган. Биз жогоруда айтканбыз: "сыпаттама" түшүнүгү басып өткөн тарыхы боюнча утурлаша өнүккөн бир түшүнүк. Ренессанс доору илимий ой-толгоонун жаңыдан түптөлүшү. Дароо эле илимий изилдөөнүн методологиясы түзүлүп калган эмес. Бул маселе учурга чейиин талаш-тартышта болуп келген маселелерден бири.

Андан ары философиядагы Жаңы кылымга карай сөзүбүздү улантсак. XVII-XVIII кылымдарда англис философу Ф.Бэкондун (1561-1626) концепцияларына кайрылып көрөлү.

"Жаратылыштын чебердиги аң-сезим менен сезимдердин чебердигинен алдаканча алдыда тургандыктан, байкоо, ой-жүгүртүү, чечмелөө-маанисиз нерсе; бирок ушул нерсени көрүп-билген киши жок" [5, 12-б].

Бул мисалда Ф. Бэкон объектти акыйкаттуу чечмелөө, сыпаттоо мүмкүн эмес дейт. Анда объектти кандайча таанып билүү мүмкүн? Адамдын аң-сезими туура таанууга жөндөмсүзбү? Болумду туура таанып билүү үчүн, албетте, аң-сезимдеги байкоо, салыштыруу жана сыпаттама процесси болумду "болгонун болгондой", ийне-жибине чейин чагылдырууга жөндөмдүү болушу керек. Дүйнөнүн сүрөттөлүшү Ф. Бэкондун айтымында алдын ала же мурунтан эле дейбизби, айтор, калыптанып калган түшүнүктөрдөн кутулмайынча акыйкаттуу болушу эч мүмкүн эмес. Бирок, Ф. Бэкон объект таанып билүүгө эч эле "бой салбайт" деген радикалдуу чечимден алыс. Аны таанып билүүнүн шарттары катары – тажрыйба жана туура байкоо. "Жаңы органон" чыгармасында Ф. Бэкон эң алгачкылардан болуп табигый так илимдердин эксперименталдык методологиясы жөнүндө идеяларын сунуштаган.

Бэкондун методу боюнча дүйнөдөгү процесстерди чечмелөө жалгыз предметтен жогору жалпыга карай ыкмасы

менен мүмкүн. Тек нерсенин жогорку жалпылык көздөй жеткирип, бир тыянак чыгаруу үчүн, албетте, нерселердин касиеттерин бири-биринен ажырата билүү керек. Мына ушул жерде байкоодон улам келген сыпаттама акты пайда болот. Сыпаттама болбосо, конкреттүү, жалгыз, тек нерселерди бир кылка жалпылыкка жеткирип, андан улам тыянак чыгаруу мүмкүнбү? Мүмкүн эмес. Анткени менен Бэкон илимий изилдөөнүн индуктивдүү методун гана колдогон. Бирок, учурда илим эки методду бирдей колдонууда. Эң негизгиси дүйнөнүн туура сыпатталышы кандайча мүмкүн:

"...Ар бир адам өз тукумунун көлөкөсүнөн кутулушу керек. Ал адамды предмет тууралуу алдын ала жаңылыш божомолдоого учуратат. Ошондой эле индивидуалдык үңкүрдөн кутулушу зарыл. Ар бир адамдын тукумунан тышкары өзүнүн индивидуалдык үңкүрү бар. Ошол үңкүр жаратылышты ийри кылып, чындыкты сырдуу кылат... Мындан башка дагы бир көлөкө бар – бул базар... Негизи тилди адамдардын тобу түзгөндүктөн, анда жаңылыштыктар абдан арбын. Сөздөр аң-сезимге зомбулук көрсөтүп, баарын аралаштырып, адамды натыйжасыз талаш-тартышка мажбурлайт" [2, 195].

Бэкондун биз иликтеп жаткан "сыпаттама" түшүнүгүнө байланыштуу кээ бир божомолдору жана илимий теориялары түшүнүктүү: конкреттүү нерселерден татаал аксиомаларга өтүү. Конкреттүү предметтен аксиомалар чөйрөсүнө жетүү үчүн аң-сезимди "тазалоо" методун сунат. Бэкон нерсенин сыпаттамасын, калыптанып калган түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгууну талап кылууда. Отурукташып калган кээ бир түшүнүктөр илимдин өнүгүүсүнө жолтоо болот. Ушул көрүнүштөн арылуу тилдин тарыхын реконструкциялап байкоо, сыпаттама актын туура коюу аркылуу аксиомаларды жаратууну колдогон. Кийин Бэкон түзгөн тажрыйбага таянган дүйнөнүн сүрөттөлүшүнө Т.Гоббс жана Дж. Локк анча-мынча өзгөртмөлөрдү киргизип, маани-мазмуну жагынан ага жакын сүрөттөмөнү сунуш кылышат. Т. Гоббс Галилей түзгөн моделди колдогон: дүйнөдө материя бар, бирок атрибуттары субъективдүү. Бул нерсени сапаттарынан ажыратуу менен барабар. Бул жерде дүйнөнүн кыймылсыз картинасы пайда болгон жокпу? Т. Гоббстун философиясында нерсенин өңү, түсү, кыймылы жокко чыгарылган. Биздин оюбуз боюнча, дүйнө бул жерде өнүгүүсүз формада берилген.

"Ойлоном, демек, мен бармын,"-дейт Р. Декарт. Декарттын илимий изилдөө чөйрөсүнө кошкон салымын белгилебей кетүү абдан чоң катачылык болот. А эмне үчүн Декарттын көз караштары абдан маанилүү? Философиянын тарыхында бардык эле философтордун ой-толгоолору сыпаттама актына шайкеш келбейт. Ушуну кабыл алышыбыз керек. Биз изилдеп жаткан бул түшүнүк менен логика, гносеологиялык жана онтологиялык темалар менен алектенген философ окумуштуулардын пикири жакын карым-катышта.

Декарт философия чөйрөсүндө болсун, табигый так илимдер чөйрөсүндө болсун ал жаңыча ойлонуунун методун киргизет. Дүйнөнүн математикалык картинасы мурун кыймылсыз, өзгөрүүсүз берилсе, Декарт өзгөргөн чоңдуктардын математикасын киргизип, дүйнөнүн сыпатталышы эбегейсиз өзгөрүүгө учурайт. Бэкондон тартып дүйнөнүн сыпаттамасы тажрыйбасыз каралбай келген болсо, Декарт акылга маани берет.

Декарт дүйнөнүн механикалык картинасын колдогон. Нерселер сандык жана сапаттык кыймылда. Ал механиканын закондору менен башкарылат. Дүйнөнүн көрүнүп турган бардык кубулуштарынан шек саноо туура дейт. Бардык нерседен шек саноо зарыл. Бирок, мен эч качан шек санап тургандыгымдан шек санабайм. Мына ушул жерде анын "Cogito ergo sum"("Мен ойлоном,

демек, мен бармын"). Субъекттин ою таза, анык болгондо гана дүйнө тууралуу акыйкаттуу пикирге жетүү мүмкүндүгүн белгилейт [14, 121-122-бб].

Дүйнөнүн кыймылы тууралуу ал: "Универсумду түзгөн бүт телолор окшош материядан турат. Ал материя чексиз бөлүнөт. Материя бөлүкчөлөргө бөлүнгөн. Алар айлана түрүндө кыймылдашат. Дүйнөдө кыймылдын бирдей өлчөмү сакталып турат. Кудай алгач канча кыймылдын түрүн жараткан болсо, азыр да ошончо кыймылдын түрү өкүм сүрөт" [11, 392-б].

Дүйнөнүн кыймылдагы механикалык кыймылдагы сүрөттөлүшү анык сунулууда. Материя менен анын атрибуттарын бири-биринен ажыраткан эмес Декарт. Логикага тиешелүү пикирлеринде заманбап логиканын абалын критикалайт. Эмне үчүн? Анткени логиканын закондору ченемсиз шекилде көбөйүп кеткендигин айтып, төрт эреже түзгөн. Ошо төрт эреженин экинчисинде мындай дейт: "Каралып жаткан нерсени мүмкүн болушунча майда бөлүкчөлөргө бөлүп изилдөө изилдөөчүгө жеңилдик жаратат. Таанып билүү жеңил нерселерден татаалына карай изилдөө зарыл» [11, 271-272-бб].

Берилген цитатанын "сыпаттама" түшүнүгүнө тиешеси барбы же жокбу? Нерсени таанып билүүдөн мурун аны аң-сезим анык чагылдырып жатса да, ага карабай шектенишибиз керек деген пикир. Берилген цитатада туура түшүнүк же сыпаттама жеңил болушу үчүн маселени майда бөлүкчөлөргө бөлүп алуу зарылдыгын белгилейт Декарт. Бардык нерсени жөнөкөйдөн баштоо керек. Ошондо гана жогорку деңгээлдеги аксиомалар пайда болот.

XVII-XVIII кылымдардагы философтор бир жагынан карасаң тажрыйбанын өлчөмүндө дүйнөнү сыпаттоону туура деп көрүшсө, экинчи жагынан Декарт сымал философтор тажрыйбанын алсыздыгын айтышып, дүйнөнү аналитикалык деңгээлде түшүнүп сыпаттоону акыйкаттуу болот деп эсептешкен. Ушул доордон тарта дүйнөнүн теоретикалык, илимий картинасы пайда болот.

Немец классикалык философиясынын түзүлүшүнө жогоруда аты аталган философтордун концепциялары таасирин тийгизген. Г. Гегелдин татаал тилде жазылган логикалык эмгектери Жаңы доордун физик жана математиктеринин таасиринен улам болсо керек. Бул бөлүмдө Г. Гегелдин эмгегин эскербей кетүү мүмкүн эмес, анткени ал дүйнөнүн картинасына "дүйнөлүк аң-сезим", "абсолюттук диалектика" деген түшүнүктөрдү киргизген. Ал диалектиканын закондорун иштеп чыккан. Дүйнө И. Кант айткандай, "өзүндөгү нерсе" деген түшүнүктү камтыбастыгын айтып, нерсе нормалдуу түрдө өзүн-өзү "ачып-айкындап" көргөзөт. Ал үчүн туура методду колдонуш зарыл. Мына ушул жерде анын белгилүү сөзүн айтпай кетүү чоң жаңылыштык болот: «Акылга сыярдык нерсе чындык, чыныгы нерсе акылга сыярдык» [8, 14-б].

Философтун ою боюнча бардык бар, накталай нерселерди таанып билүү толук мүмкүн. Ал үчүн аң-сезимге туура гана багыт берүү жетиштүү. Ошол максат менен Гегель изилдөөнүн методологиясын түзөт. Үстүн баса белгилеп кетчү нерсе, биз иликтеп жаткан сыпаттама процесси Гегелдин философиясында онтология жана гносеология менен чырмалышып каралган. Ал эмгектеринде сыпаттама процессине, биздин байкашыбызча, өзүнчө параграф бөлгөн эмес. Сыпаттама таанып билүү, изилдөөнүн методдору менен бирге каралган.

"Бир эле нерсе бир көрүнүштө себеп катары, экинчи бир көрүнүштө иш-аракет катары көрүнөт; биринчи көрүнүштө өзүнүн туруктуулугун көргөзсө, экинчи көрүнүштө башка нерсе аркылуу аныкталышын көргөзөт. Бул тавтология" [9, 210-212-бб]. Нерсени сыпаттоодо субъективдүү аң-сезим нерсенин иш-аракети

менен анын болум себебин бири-биринен ажыратат деп айтууда Гегель. Сыпаттама процесиинде ал экөөнү ажыратуу туура эмес экендигин билдирет. Андай жагдай тавтологияга алып келет.

Гегель дүйнөнү сыпаттама проблемасына байланышкан, ага эң эле жакын диалектиканын закондорун киргизген. Белгилүү болгондой: тануунун тануу, сандын сапатка жана сапаттын санга өтүшү, карама-каршылыктардын биримдиги же болум менен болбостун биримдиги. Ушул методдордун негизинде гана дүйнөдөгү процесстерди байкоо, сыпаттоо, салыштыруу, татаал абстрактуу түшүнүктөргө өтүү мүмүкүнчүлүгү бар экенин тастыктаган.

Шелингдин артынан эле Гегель да "Мен" түшүнүгүнө басым жасайт. Ал реалдуулуктун абсолюттук башталгычынын биздин аң-сезимдин мүнөздөмөсүнө жакын болушу керек болбосо, аны фиксациялоо мүмкүн эместигин көргөзөт. Таанып билүү – реалдуулуктун абсолюттук башалгычынын өзүн-өзү таанып аңдоосу болуп саналат деген тезисти иштеп чыгат. Негизи реалдуулук өзүн-өзү таанып билүү үчүн түпкүрүндө "руханий" жана биздин аң-сезим менен тууганчылыгы болуш керек. Гегелдин "Духтун феноменологиясы" аттуу чыгармасында аң-сезим менен реалдуулуктун теңдештиги тууралуу сөз болот. Ал эми үч китептен турган "Логикасы" болум, маңыз, түшүнүктөрдөн түзүлгөн.

И. Кант адамдын дүйнөгө кылган мамилесинин үч түрүн белгилеген: теоретикалык, практикалык, эстетикалык. Биринчиси – байкоо, экинчиси – практика, үчүнчүсү – "кызыгуу" менен мамиле кылуу. Тактап айтканда, субъект дүйнөнү баамдайт, аны менен карым-катышта болот, же ага атайын "кызыгуу" менен мамиле курат. Гегель да ушул үч фундаменталдуу пикирди жактаган [13, 540-б].

Бирок, дүйнөгө "кызыгуу" катарында мамиледе Кант менен Гегелдин пикирлери бири-биринен айырмаланат. Гегелдин пикири боюнча, сүрөтчү дүйнөнү "көрүнүш" катары чагылдырышы керек. Сүрөтчү "идеяны" эч кошумчасыз, болгонундай чагылдыра билүүсү зарыл.

XIX-XXI кылымдын баштапкы этаптарында батышта философиялык агымдардын көбөйүшү байкалат. Анын себеби, философиянын тарыхындагы философтор менен пикир келишпестик деп атасак болот. Баалуулуктарды, философиялык парадигмаларды кайрадан иликтеп чыгышкан. Илимдин философиясы, таанып билүүнүн методологиясы пайда болот. Жашоо философиясы, экзистенциализм, феноменология герменевтика, психоанализ, структурализм, постмодернизм сыяктуу бир топ агымдарды жолуктурабыз. Бирок, биз "сыпаттама" түшүнүгүнө байланышкан философтордун концепцияларын караганга аракет кылабыз.

XIX кылымдын 30-жылдарынан тартып француз окумуштуусу О. Конттун (1798-1857) позитивисттик пикири жайыла баштаган. Европанын бир топ мамлекеттерине жана Америкада Г.Спенсердин жетекчилиги менен философиянын илимдер ичинде орду өзгөрүүгө учурайт. Ушул эле мезгилде Германияда да позитивизм Гегелдин "илимдердин илими" философиясына реакция катары баш көтөрөт.

О. Конттун концепция боюнча илим көрүнүштөрдүн сырткы структурасын сыпаттоо менен чектелиши керек. Илим дүйнөдөгү кубулуштардын маңызын издебей, эмнеге ал "ушундайча" деген ой-толгоолорго жооп издөөдөн алыс болушу керек.

О.Конт "эмнеге" деген суроонун ордуна "кантип" деген суроо коюлушу керек дейт. Бирок, кээ бир окумуштуулардын айтымында, бул эки суроонун ортосунда эч кандай айырмачылык жок:

"Сыпаттама – бир мааниси боюнча түшүндүрүү менен барабар. Анткени нерсенин структурасын сыпаттамадан улам закондор келип чыгат. А бу нерсе кубулуштар тууралуу прогноз кылууга

да алып келет" [6, 25-б]. Позитивизмдин баштоочусу маңыз маселесин аттап өтүп, сыпаттама методу аркылуу гана илимдин фундаментин түзүү мүмкүн дейт. Бирок, жалгыз сыпаттаманын кандай түрү болбосун, ал аркылуу рационалдуу натыйжага келүү мүмкүнбү? Ушул маселеге келип такалышкан.

Конт илимдерди эки түргө бөлүп классификациялайт: теоретикалык жана практикалык (орусч. прикладной). Биринчи катардагы илимдер абстрактуу, ал эми экинчи катардагы илимдер жеке жана сыпаттама аркылуу көрүнүштөрдүн комбинациясын түзөт.

Неокантчы Марбург мектебинин өкүлдөрүнүн ичинен Эрнст Кассирердин (1874-1945) символдор менен байланышкан идеялары жалпыга маалым. Кассирер дүйнөнү феноменологиялык мүнөздө иликтеген. Ал адамдын маданий дүйнөсүн символикалык иш-аракеттердин натыйжасы катары карайт жана ал тил, миф, искусство, илимде өзүн көрсөтөт.

Баден мектебинин өкүлү Генрих Риккерт (1863-1936) таанып билүүдөгү чагылуу теориясын кабыл алган эмес. Табигый илимдердин таанып билүүсү болсун, тарыхый илимдердин таанып билүүсү болсун алар объективдүү чындыктын "копиясы" болушу мүмкүн эмес.

Рикерттин пикири боюнча, илим жана дүйнөнүн түшүнүктөрдө чагылуусу бири-бирине дал келбейт. Таанып билүү чагылуу катары мүмкүн эмес, анткени түп нускасы менен көчүрмө болушу мүмкүн эмес. Бирок, илим менен таанып билүү мүмкүн. Илим объектти чагылдырбайт. Ал "экстенсивдүүлүк" менен "интенсивдүүлүктү" жоет, аны "жөнөкөйлөштүрөт" [6, 106].

Риккерттин бу нерсенин аң-сезимде чагылуусун жокко чыгарган концепциясы сыпаттама түшүнүгүнүн да жабыркоосуна жол ачып жаткан жокпу? Нерсенин туура образы аң-сезимде чагылуусу мүмкүн эмес болсо, анда аны сыпаттоо да бир кыйла татаалдашат.

XIX кылымда дүйнөнүн механикалык картинасы кыйроолорго учураган. Ал заманбап илимдин талаптарына жооп бере албай калган. Ошондо, ага жооп катары агностицизм келип чыккан. Аны неокантчылык деп атап келебиз. XX кылымдагы илимий революциялар дүйнөнүн механикалык картинасын жаңылыштыктарын тапкан соң, агностиктер дүйнөнү таанып билүүнүн мүмкүн эместигин айтып чыгышат.

Позитивизмдин экинчи агымы илим дүйнөнүн толук картинасын бергенге кудурети жетпейт, ал практика үчүн символдор менен белги, ишараттарды сунуштай алат дешкен. Эрнст Мах (1838-1896) таанып билүү теориясында Беркли айтып кеткен себеп-натыйжаны изилдөөнүн ордуна иликтөөнүн натыйжаларын сыпаттоо методун колдонгон. Махтын пикири боюнча, логика жаңы билим пайда кыла албайт деп, байкоонун негизинде гана билимге жетүү мүмкүнчүлүгүн далилдегенге аракет кылат. Билимдин бардык түрү сезимдерден келет деген ойдо. Мах "таза сыпаттама" түшүнүгүн иштеп чыгат. Окумуштуунун пикири боюнча, байкоо жана сыпаттоо жаңы билимдин башаты. "Ой жүгүрүүнү үнөмдөө" менен "таза сыпаттама" мүмкүн дейт окумуштуу.

XX кылымдын биринчи жарымында француз философу Анри Бергсон (1859-1951) байкоо процессинде аң-сезимди ар түрдүү кырдаалдардан, алдынала пикирден, методдордон, пайда издөөдөн алыстоо шарт экенин айткан.

Илим өзүнүн гана кызыкчылыгын ойлогондуктан, ал практиканын кызыкчылыгын коргоп, калган "өзү менен өзү" турган нерселерге көңүл бурбайт.

Таанып билүүнүн идеалдуу түрү катары, Бергсон интуицияны (же байкоо, көзөмөлдөө) сунуштайт. Ал практиканын ар түрдүү кызыкчылыктарынан, ар түрдүү пикирден, методдордон алыс болушу керек. Бирок, бу тезис интеллектти чектетүү сыяктуу көрүнөт. Берг-

сон интеллекттин практикадан келген негизги функцияларын билдирет: маселен, кабыл алуу, эс тутумдун образдары, элестетүү, түшүнүк. Илимде практикадан улам проблемалар менен маселелер жаралат. Практикадан улам илим методдорду чыгарат жана пайда болгон маселелерди чечкенге аракет кылат. Бергсондун пикири боюнча, бардык нерсе практикадан башталып, практика менен бүткөрүлөт. Булар практикадан ажырабагандыктан, "практикалык эмес", "таза" байкоо процессине жете алышпайт [4, 221-б].

XX кылымдын философу Эдмунд Гуссерлдин (1859-1938) феноменологиялык илимине кайрылып көрөлү. Биз изилдеп жаткан сыпаттама түшүнүгү менен карым-катышта кандай пикирлери бар экенин карап чыгалы деген ой. Гуссерль редукциялык методу менен таанымал. Татаалдаштырбай айтканда, "феноменологиялык метод" таанып билүү процессинде аң-сезимди эмпирикалык маалыматтардан тазалап, тепкич түрүндө нерсени аңдоо методу.

Натыйжада айлана-чөйрө, бардык ой-пикирлер, илимий теориялар, жада калса изилдөөнүн предмети да четтетилгенде же тырмакча ичине алынганда феноменологиялык редукция жүргүзүлгөн болот. Ушул методдун арачылыгы аркылуу "нерсенин өзүнө" аң-сезимдик түрдө жеткен болобуз, ал реалдуулуктан алыс. Редукция маңызы боюнча фактылардын илими – жалпыланган жана идеализацияланган факты. Гуссерль аны дескриптивдүү, б.а. «сыпаттама илими» деп атаган [14, 186-б].

Гуссерль бул метод менен көрүнүштөрдүн маңызына жеткиси келет. Илим жана философия чөйрөсүнө таанымал аң-сезимдин интенционалдуулугу деген терминди Гуссерль иштеп чыгат.

Таанып билүүнүн акыйкаттуулугунун эң жогорку формасы – бул талашсыздык, шексиздик абалы. "Эч бир факт чындык боло албайт, б.а. убакыт ичинде аныкталган нерсе эмес. Чындык жана акыйкат нерсе болум ичинде, абалы анык, өзгөрүүлөр болууда маанисинде жашайт. Бирок, чындык убакыттан жогору, ага убакыттын ченемин, жаралуу жана жоголууну тиркеп коюу туура эмес. Акыйкатуу нерсе "өзү менен өзү" акыйкаттуу" [15, 221-222].

Гуссерль логика реалдуу дүйнөгө таандык эмес деп, аны идеалдуу сферага жакын экенин айтат. Бул идеалдуу жана реалдуу дүйнөнүн касиеттерин бири-биринен ажыратуу процесси Кант менен Гегелден башталган. "Таза" болум менен конкреттүү тарыхый болумду ажыратып сунуу аты аталган философтордон башталып, Гуссерлге да таасирин тийгизген.

Гуссерлдин пикири боюнча, чындык "өзү алдынча, абсолюттук жана "маанисинин биримдигин" сактайт. Ал талашсыз, "өзүн өзү аныктайт", "өзүн өзү билдирип турат" жана "далилдейт". Гуссерль аң-сезимди иликтеген жана ушул максат менен феноменологиялык анализ жүргүзгөн. Гуссерлдин акыйкат түшүнүгү: "маанилүүлүк", "милдет", "шексиздик", "аныктык" менен жакын маанилеш. Бул түшүнүктөр аң-сезимдин байкоо процесси менен байланышта. Байкоо менен байланышта болгон соң, ал сыпаттама менен да түздөн-түз карым-катышта. "Логикалык изилдөө" чыгармасындагы Гуссерлдин "өзүнөн-өзү аныктык", "маанилүүлүк", "өзүн-өзү ачыктап берүү" түшүнүктөрү феноменологиялык методду аныктоого болгон иш-аракети.

Гуссерль феноменологиясында аң-сезимди "агым" катары сыпаттайт. Философияда ага чейин объекттин таанып билиниши тууралуу маселе коюлган болсо, Гуссерль суроонун структурасын өзгөрткөн: "аң-сезимди кантип таанып билсе болот?" деген суроону коёт. «Аң-сезим чындыкты кантип "башынан өткөрөт?» Мына ушул маселелерди карап жатып, ал кабыл алуу, элестетүү, фантазия деген түшүнүктөрдү карайт. Тактап айтканда,

сыпаттама актына байланышкан чөйрөнү иликтейт. Гуссерль фактыны сыпаттоо тууралуу концепцияларын сунушайт. Бир көрүнүш акыйкат болушу үчүн “ачык-айкын, далилдүү” сапатта болушу зарыл. Феноменологиянын спецификасы – индивидуалдуу субъекттин аң-сезими. Феноменологиялык аң-сезимге өтүү, Гссерльдин пикири боюнча, татаал процесс, адам ага жетүү үчүн күнүмдүк түзүлүп калган калыптардан алыстоосу керек. Андан соң кадам-кадам феноменологиялык ой-жүгүртүүгө өтүү мүмкүн.

Адамдын жашоосу табигый түзүлүшкө таянарын айтат Гуссерль. Дүйнө менен адам карым-катышта жана ал адам үчүн табигый түрдө өзүн ачык-айкын көргөзүп турат. Адам дүйнөдө табигый түзүлүштүн негизинде бир нерсени байкайт, сыпаттайт, фиксировка кылат [15, 234].

Дүйнөнүн туура сыпаттамасына жетүү максатында Гуссерль феноменологиялык редукция методун иштеп чыгат. Анын максаты аң - сезимди эмпириканын таасирлеринен ажыратып, “таза” аң-сезимге жетүү.

Биринчи этап – “эйдетикалык редукция”. Мааниси дүйнөдөгү бардык билимдерди “кашаанын ичине алуу”. Феноменолог билимдин ар түрүнөн алыс болушу керек. Бул процесстин түпкүрүндө субъективдүү аң - сезим калат. Феноменологдун максаты “табигый” түзүлүштөн ажыроо, феноменологиялык Epoche актына кирүү, ар түрдүү мейкиндик – убакыт чеминдеги пикрилерден арылуу. Феноменолог бара-бара субъективдүү “Мен” түшүнүгүнө, аң-сезимге жетиши керек. Ал анализдин жалгыз объектиси [15, 236-б].

Аң-сезим философиянын, маданияттын, табигый так илимдердин курчоосунда болгондуктан, аны дагы “тазалоо”

Экинчи этапта – “транценденталдуу-феноменологиялык” редукция жүргүзүлөт. Ушул кадамда аң-сезимдин багытталгандыгы тууралуу сөз болот. Интенционалдык, байкоо түшүнүктөрү келип чыгат [15, 237]. Тактап айтканда, Гуссерлдин философиясында сыпаттама түшүнүгү экинчи пайда болот. Биринчи этап – аң-сезимди ар түрдүү пикир жана калыптанып калган түшүнүктөрдөн ажыратуу болсо, экинчи этап – туура таанып билүүгө жолтоо болгон себептерди алып салуу жана интенционалдык же байкоо, сыпаттама процесстерине кайрылуу.

Гуссерлдин феноменологиялык идеяларын немец окумуштуусу М.Хайдеггер (1889 -1976) уланткан. Ал Гуссерлдин феноменологиясына бир нече өзгөртүүлөрдү киргизет. Феномен, Хайдеггердин айтымында, грек тилинен которгондо “өзүн-өзү көрсөткөн (Sichzeigende)” дегенди түшүндүрөт. Ал эми аны тагыраак немец тилине которсок, “das Sich-an-ihm-selbst-zeigende” – “ өзүн - өзүндө – өзү - көрсөткөн” дегенди билдирет дейт Хайдеггер.

Хайдеггер изилдөөнүн философиялык методу менен илимий методун айырмалайт. Хайдеггердин методу дүйнөнүн көркөм сыпаттамасындай. «Философия дүйнөнү “ачык” көрүнүш карайт» дейт Хайдеггер.

Хайдеггердин феноменологиясы герменевтика менен тыгыз карым - катышта. Феноменология герменевтика катары аныкталган.

XX кылымдын 70 - жылдары герменевтика аябай мода болгон. Айрыкча, Г.Гадамер менен П. Рикёр тексттерди философиянын, таанып билүүнү интерпретациянын булагына айландырышат.

Хайдеггер философия чөйрөсүндө баштапкы этаптарда Гуссерль сымал акыйкат “аныктык” деп атап жүргөн болсо, кийинки мезгилдерде болум же акыйкат канчалык көлөмдө ачык болсо, ошончолук деңгээлде “жабык” деп белгилейт. Бул символдор тууралуу көрүшкө алып келет.

Хайдеггер болумдун структурасын категориялар менен эмес “экзистенциал-

дар" менен сыпаттайт. Болумду категориялар менен Аристотелден бери келген салттык философия сыпаттап келген. "Экзистенциал" деп атоосунун себеби, Хайдеггер адамдын болумунун маңызы экзистенцияда деп ойлойт. Адам сырткы дүйнөнү априордук деңгээлде сыпаттап таанып билет. Адамдын ички дүйнөсү объективдүү дүйнөнү чагылдырат. Хайдеггердин кам көрүү түшүнүгү субъекттин дүйнөдөгү болуму катары берилген. "Алдыга умтулуу" түшүнүгү дүйнөдөгү болумдун бир түрү. Хайдеггердин пикиринде, дүйнөдө бардык нерсе "болгонундай" эмес. Ал ар дайым алдыга умтулуу. Физикалык убакыт ченеминдеги көрүнүштөр турган турпатынан алдаканча айырмаланат. Хайдеггердин Ван Гогдун "Башмаки" деген картинкасын сыпаттоосу "Holzwege" аттуу эмгегинде берилет. Хайдеггер нерсени сыпаттамасы марксисттик философиядан айырмаланат. Марксисттик философия нерсени же куралды өндүрүштүк каражат катары карайт. Ал эми Хайдеггер субъект нерсе менен ар дайым байланышта деп, ал нерсенин ээси сыяктуу басып өткөн жолун сыпаттарын айтат. Тактап айтканда, ар бир нерсе убакыттын үч модулун бириктирип турарын айтат. Ван Гогдун өтүгү, дыйкандын буюмдары ээси сымал узун жол басып өткөн. Буюм аркылуу ээси тууралуу маалыматка жетүү мүмкүн

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аристотель. Соч.в 4-х Томах.Т2. –М.: Изд. "Мысль", 1978. -687 с.
2. Антология мировой философии. В 4-х томах. Т2. Ред кол. В.В.Соколов, В.Ф. Асмус. Изд.: –Мысль, 1970. – 776 с.
3. Антология мировой философии. В 4-х томах. Т2. –М.: Изд. «Мысль», 1969. -776 с.
4. Асмус А.Б. Историко-философские этюды. –М.: Изд. "Мысль", 1984. - 318 с.
5. Бэкон Ф. Новый органон. Афоризмы об истолковании природы и царства человека// Сочинения. В 2 т. –М., 1978. Т.2. -592 с.
6.Буржуазная философия кануна и начала империализма. Учеб. пос. Под.ред. А.С. Богомолова, Ю.К. Мельвиля, И.С. Нарского. – М.: «Высшая школа», 1977. -424 с.
7. Горфункель А.Х. Философия эпохи возрождения. –М.: "Высшая школа", 1980. -368 с.
8. Гегель Г. Сочинения. Перевод Б. Столпнера, Б. Фохта, Г. Шпета, А. Вордена Т. VII, М.-Л., 1929-1959. -384 с.
9. Гегель Г. В. Ф. Наука логики. В 3-х т. Т. 2. –М.: Изд. «Мысль», 1971. - 248 с.
10. Декарт Р. Сочинения в 2 т.: Пер. с лат. и франц. Т. 1/Сост., ред., вступ. ст. В. В. Соколова. –М.: Изд. "Мысль", 1989. - 654 с.
11. Декарт Р. Рассуждение о методе для хорошего направления разума и отыскания истины в науках. М.: Избранные произведения, 1950.
12. Зарубежная фантастическая проза/ пер. с анг., лат., франц. –М.: Изд. "Правда", 1989. -246 с.
13.История философии в кратком изложении/ пер.с чеш. И.И.Богута -М.: Изд. "Мысль", 1991. -590 с.
14.Спиркин А.Г. Философия: Учебник. –М.: Изд. Гардарики, 1999. -736 с.
15.Современная буржуазная философия . Под редакцией проф. А. С. Богомолова, проф. Ю. К. Мельвиля, проф. И.С.Нарского. Изд. Московского университета, 1972. - 654 с.